# Программалык аккредитациялоо учурунда тышкы баалоонунун натыйжалары боюнча КОРУТУНДУ

Аккредитация, рейтинг жана тастыктоочу көз карандысыз институту коомдук фондунун 2024-жылдын

15- майындагы буйругунун негизинде №9/24/18-к

эксперттик комиссия 2024-жылдын 22- майдан баштап, 2024-жылдын 23- майына чейин

"Акмат Бердалиев атындагы № 39 кесиптик лицейи" мекемесине тышкы баалоо жүргүзүлдү.

| | Критерийлер | Баа (ылайык келет, жарым-жартылай ылайык келет, ылайык келбейт) | Комментарийлер (баанын негиздемеси) |
|---|---|---|---|
| **1 Стандарт. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ, БЕКИТҮҮ, МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮ ЖАНА МЕЗГИЛ-МЕЗГИЛИ МЕНЕН БААЛОО** | | | |
| 1.1. | Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына, билим берүү программасынын максатына жооп берген, билим берүү уюмунун миссиясына туура келген билим берүү программалары. | Ылайык келет | Билим берүү программасы (программалары) жана анын максаттары мамлекеттик стандарттын талаптарына, кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келет. Типтүү окуу планы бар. Өнүгүү планы, перспективдүү план боюнча иш жүргүзүлүп жатат.<br>Программанын максаттарын кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө шайкеш келтирүү механизмдери бар. |
| 1.2. | Күтүлүүчү натыйжаларга, эмгек рыногунун талаптарына дал келген, билим берүүнүн максаттарына жооп берген, кесиптик, өндүрүштүк ишканалардын жана тейлөө уюмдарынын окулдөрүнүн катышуусу менен иштелип чыккан, универсалдуу жана кесиптик окутуу натыйжаларын камтыган билим берүү программаларынын болушу. | Ылайык келет | Билим берүү программасын окутуунун күтүлүүчү натыйжалары иш берүүчүлөрдүн катышуусу менен иштелип чыккан, ошондой эле иш берүүчүлөрдүн сунуштары эске алынат. |
| 1.3. | Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык келген билим берүү программасы боюнча так аныкталган окуу жүктөмүнүн болушу. | Ылайык келет | Окуу жүктөмү мамлекеттик билим беруу стандартынын талаптарына толугу менен жооп берет жана окуу планына ылайык бөлүштүрүлөт. |
| 1.4. | Билим берүү программасын өркүндөтүү максатынла жана окуучулардын, иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүнө, | Ылайык келет | Жыл сайын окуучулардын (студенттердин) жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, керектөөлөрүн жана канааттануусуна баалоо жүргүзүлөт. Анализдин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | муктаждыктарына жана канааттануусуна мезгил-мезгили менен баа берүүнү (жылына бир жолу) жүргүзүп туруу. | | жыйынтыктары (тест, практикалык кундолуктордо) үстүбүздөгү жылдын окуу пландарында чагылдырылган. Баалоо механизмдери жана жол-жоболору документтерде бекитилген. |
| 1.5 | Билим берүү программасынын окуу планында каралган практиканын бардык түрлөрүн (таанышуу, окуу- өндүрүштүк, өнрудуштук практика) өтүлүүчү жайларды аныктоо жана жумуш орундар менен камсыз кылуу. | Ылайык келет | Билим берүү программалары практиканын бардык түрлөрүнөн өтүүгө орун берет, практика процессин жөнгө салат, практиканын натыйжалуулугу талданат жана аларды жакшыртуу боюнча чаралар көрүлөт. |
| 1.6. | Билим берүү уюмдары тарабынан мониторинг жана жылдык мониторинг анын актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн илимдин жана техниканын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна баа берүү. | Ылайык келет | Лицейдин актуалдуулугун камсыз кылуу үчүн илимдин жана технологиялардын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен конкреттүү дисциплиналардын мазмунуна мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүлүп турат. Электрондук китепкана жана жаны окуу жабдуулары ишке берилүү алдында турат. |
| 1.7. | Мониторинг жүргүзүү: | | |
| а | -окуучулардын (студенттердин) окуу жүктөмү, окуу жетишкендиктери жана бүтүрүүлөрү; | Ылайык келет | Окуу жайда белгиленген окуу жүктөмүн, жетишүүсүн жана окуп жаткандардын чыгарылышын мониторингдөөнүн жана баалоонун мезгилдүүлүгү, форматы жана жол-жоболору бар. Ички баалоо үзгүлтүксүз жүргүзүлөт (ички мониторинг, тестирлөө, экзамендер), жыйынтыктары талданат, тыянактар жана сунуштар чечим кабыл алуу үчүн колдонулат.<br>Акыркы беш жылдагы жыйынтыктар оң динамиканы көрсөттү. |
| б | -аларды баалоо процедураларынын натыйжалуулугун аныктоо; | Ылайык келет | Лицейде окутуунун натыйжалуулугун талдоо үчүн баалоо жол-жоболорун (ички жана тышкы) үзгүлтүксүз жана комплекстүү колдонулат. |
| в | -билим берүү программасы боюнча окутуу процессине окуучулардын жана иш берүүчүлөрдүн күтүүлөрүн, муктаждыктарын канааттандыруу; | Ылайык келет | Окуу жайдын керектөөлөрүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүлөт. Иш берүүчүлөр, ата-энелер, инженер-педагогдор менен сурамжылоо жүргүзүлөт, бирок жыйынтыгы чыгарылбайт. |
| г | -билим берүү чөйрөсүнүн жана колдоо кызматтарынын билим берүү программасынын максаттарына ылайык шайкештиги; | Жарым-жартылай ылайык келет | Медициналык пункт бар, бирок штаттык бирдикте мед. айымдын штаты каралбаган. Окуу тарбиялык иштердин планы иштелген, отчеттору каралган, пандустар бар Техникалык коопсуздук боюнча оозеки инструктаж өтүлөт, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | бирок ички локалдык акты жок<br>Окуу жайдын жанына Скай Мобайл компаниясынын желе таратуучу мунарасы келишим менен орнотулган. Окуу жайдын коопсуздугу үчүн видеобайкоолор (16 даана) орнотулган. |
| д | - көрсөтүлгөн билим берүү кызматтарынын адекваттуулугун белгилөө жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу; | Ылайык келет | Лицейде бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусунун баалоо механизмдери иштелип чыккан. Бүтүрүүчүлөр менен кайтарым байланыш бар. Жумушка орноштуруу боюнча маалыматтар чогултулат. |
| 1.8 | Мониторинг жана мезгил-мезгили менен баалоону жүргүзүү боюнча баалоо процесстерин жана ага жооптуу адамдарды (кызматкерлерди) аныктоо. | Жарым-жартылай ылайык келет | Мониторинг жана баалоо жүргүзүү үчүн жооптуу адамдардын кызматтары жана милдеттери аныкталып, тиешелүү локалдык актылары бекитилген. |
| 1.9 | Мониторингдин жана мезгил-мезгили менен баа берүүнүн натыйжаларын кызыктар тараптардын катышуусу менен талдоо,жана анын жыйынтыгын окуу процессин уюштурууну жакшыртуу үчүн пайдалануу. | Ылайык келет | Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн маалыматтарына талдоо жүргүзүлөт, натыйжалар кызыкдар тараптар менен такай талкууланат.<br>Мониторинг жүргүзүлүп, кызыкдар тараптардын катышуусунда үзгүлтүксүз жыйындар өткөрүлөт жана проколдоштурулат. |
| 1.10 | Билим берүү программасынын, окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү максаттарына жана мамлекеттик билим берүү стандартына карата шайкештиги. | Ылайык келет | Окуу методикалык жактан камсыз кылуунун ылайыктуулугун талдоо жыл сайын жүргүзүлүп турат. |

***Күчтүү жактары:*** *Билим берүү программасынын максаттары Стратегиялык планга ылайык түзүлөт. Күтүлүүчү натыйжалар квалификациялык мүнөздөмөлөр менен дал келет. Бүтүрүү квалификациялык экзамендердин комиссиясынын курамына өндүрүштүк мекемелерден мүчөлөр киргизилет. Окуу жайда студенттердин жетишүүсү өздөшүүсү, баалоо процедуралары боюнча мониторинг жүргүзүлүп турат.*

***Алсыз жактар:*** *Медициналык борбор менен келишимдин жоктугу. Кесиптик сабактар боюнча электрондук окуу китептеринин аздыгы.*

***Сунуштар:*** *Жергиликтүү медициналык борбор менен келишим түзүү. Кесиптик сабактар боюнча электрондук окуу китептеринин санын көбөйтүү. Тикмечи, тигүү жабдууларынын операторун даярдоо цехтеринде техникалык коопсуздук эрежелери боюнча нормативдук ички документ иштеп чыгуу жана бекитип илүү.*
*Окуу жайда орнотулган желе таратуучу мунаранын электромагниттик денгээлинин таасири канчалык денгээлде экендигин тастыктоо, республикалык санитардык-эпидемиологиялык борбордон акт алуу жумуштарын жүргүзүү.*

**2 Стандарт. ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ОКУТУУНУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН (СТУДЕНТТЕРДИН)ЖЕТИШҮҮСҮН БААЛОО**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2.1. | Окуучулар менен үзгүлтүксүз кайтарым байланышты жүргүзүү үчүн педагогикалык ыкмаларды, билим берүү ыкмаларынын формаларын жана технологияларын баалоо | Ылайык келет | Окуу жайда педагогдордун өздүк методдорун жана иш технологияларын ондоо максатында окуучулардан, кесиптештеринен кайтарым байланышты алуу жана пайдалануу, сабактардын жана окутуунун натыйжаларын өз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | жана корректировкалоо. | | алдынча талдоо, өзүн-өзү баалоо процесси жүргүзүлөт. Өз алдынча сабактарга катышуу графиги чыгарылат. |
| 2.2. | Окуучулардын билимин баалоочулар тарабынан баалоо ыкмаларын билүү жана бул жаатта квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатып туруу. | Ылайык келет | Студенттердин окуу натыйжаларын баалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат. (тесттер, текшерүү иштер, диктант). Баалоо, атап айтканда, критерий боюнча мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарына катышуу уюштурулат. |
| 2.3. | Билим берүү уюмунун веб-сайтында баалоо методдорунун критерийлерин, анын ичинде окуучулар (студенттер) жетишүүгө тийиш болгон окутуунун натыйжаларын жана окуучунун (студенттердин) белгиленген окуу натыйжаларына жетишүү деңгээлин демонстралоо, жарыялоо. | Жарым-жартылай ылайык келет | Окуу жайдын сайты жок, бирок, социалдык баракчаларга критерийлер, баалоо ыкмалары жөнүндө маалымат ачык жеткиликтүү жайгаштырылган. |
| 2.4. | Баалоо процедурасынын объективдүүлүгүн жана айкындуулугун камсыз кылуу, анын ичинде женилдетүүчү жагдайлар жана баалоо натыйжалары боюнча аппеляция жасоого арыздануунун расмий жол-жобосун камсыз кылуу. | Жарым-жартылай ылайык келет | Баалоо критерийлери жана методдору, бааланууучу иштердин мөөнөттөрү жана түрлөрү, экзамендердин формалары студенттерге белгилүү. Баалоонун жыйынтыктарын даттануунун расмий жол-жобосу каралган жана колдонулат.<br>Аппеляциялык комиссия курамы түзүлгөн, бирок бир дагы аппеляциялык арыз келип түшкөн эмес. |
| 2.5. | Окуучуларды баалоо тартиби, күтүлүп жаткан баалоо процедуралары жана түрлөрү экзамендер,тесттер,диссертацияларды коргоо ж.б.), аларга (студенттерге) коюлуучу талаптар. билимин баалоо боюнча колдонулуучу критерийлер жөнүндө толук маалымат берүү. | Ылайык келет | Баалоо критерийлери жана методдору, контролдоонун мөөнөттөрү жана түрлөрү (экзамендер, зачеттор, дипломдук иштерди коргоо ж.б.) маалымат тактайларда ачык жайгаштырылган. |
| 2.6. | Окуучулардын окууну таштап чыгып кетүүсүнүн себептерин талдоо жана аларды алып калуу, сактап калуу жана окутуунун көрсөткүчтөрүн жакшыртуу боюнча көрүлгөн чаралар. | Ылайык келет | Окуудан чыгарылган окуучулар боюнча маалыматтар бар, педагогикалык кенештин чечими менен буйруктар чыгарылган жана анализи бар. |
| 2.7. | Студенттердин арыздарына жооп берүү боюнча иштелип чыккан жана ишке ашырылган жол-жоболордун болушу. | Ылайык келет | Ишеним кутучасы бар. Арыздар боюнча комиссия түзүлүп, жооптуу кызматкерлер иш алып барат. Каттоо журналы ачылган. |
| ***Күчтүү жактар***: - | | | |
| ***Алсыз жактар:*** *Сайттын жоктугу* | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ***Сунуштар:*** *Окуу жайдын сайтын ачуу жана кызыкдар тараптардын маалымат алуусу үчүн толук, убагында жайгаштыруу.* | | | |
| **3 Стандарт. ОКУУЧУЛАРДЫ (СТУДЕНТТЕРДИ) КАБЫЛ АЛУУ, ОКУТУУ ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ТААНУУ ЖАНА ОКУУЧУЛАРДЫН (СТУДЕНТТЕРДИН) БҮТҮРҮП ЧЫГУУСУ** | | | |
| 3.1. | Окуучуларды (студенттерди) тандоонун жана кабыл алуунун калыс жана объективдүү ыкмаларын, жол-жоболорун колдонуу, ошондой эле потенциалдуу студенттерди кабыл алуудагы негизсиз тоскоолдуктарды жоюу. | Ылайык келет | Уставда көрсөтүлгөн тартипте кабыл алуу, бүтүрүү, окуудан чыгаруу, которуу боюнча локалдык документтери бар. |
| 3.2. | Кабыл алуу эрежелердин процесстердин жана критерийлерин ачык-айкын, ошондой эле ырааттуу колдонулушу. | Ылайык келет | Белгиленген эрежелерге жана критерийлерге ылайык тандоо жана кабыл алуу ыкмалары жана жол-жоболору колдонулат. Студенттердин категориялары боюнча кабыл алуу боюнча статистикалык маалыматтар келтирилген. Онлайн абитуриент платформасында окуучуларды каттоо жүргүзүлөт. |
| 3.3. | Окуучулардын академиялык жетишкендиктери, тандап алган билим берүү траекториясы жана карьералык мүмкүнчүлүктөрү боюнча толук жана өз убагында маалыматтарды, ошондой эле кеңештерди алып туруусу зарыл. | Жарым-жартылай ылайык келет | Маалымат берүү, карьералык мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу процедуралары бар. Академиялык мобилдүүлүктүн билим берүү программалары боюнча жыл ичинде статистика келтирилген эмес. |
| 3.4 | Окуучулардын (студенттердин) академиялык жетишкендиктери боюнча маалыматтарды топтоо, мониторинг жүргүзүү жана кийинки аткарылуучу иш аракеттердин так белгиленген жол-жоболорунун жана инструменттеринин болушу. | Ылайык келет | Документтерде окуучулардын (студенттердин) окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын негизинде так мониторинг жүргүзүү жана көзөмөлдөө жол-жоболору жана куралдары толук көрсөтүлгөн . |
| 3.5. | Окуучунун окутуудагы күтүлгөн натыйжага жетишүүсү үчүн жана анын академиялык мобилдүүлүгүнө колдоо көрсөтүү үчүн билим берүү уюму тарабынан квалификацияларын объективдүү таануусу, ошондой эле буга чейинки билим дэңгээлин, окуу мөөнөттөрүн эске алууну камсыз кылуу керек. | Жарым-жартылай ылайык келет | Окуучулардын жаш курагына байланыштуу окуу мобилдүүлүгү каралган эмес. |
| 3.6. | Билим берүү уюму тарабынан билим берүү программасын толугу менен аяктаган жана күтүлгөн окуу натыйжаларына жетишкен | Ылайык келет | Окуу жайда билим берүү программасы боюнча окууну аяктаган жана окуунун күтүлгөн натыйжаларына жетишкен окуучуларды (студенттерди) алган квалификациясын |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | окуучулардын алган квалификациясын, анын ичинде жетишилген окуу натыйжаларын, ошондой эле билиминин мазмунун жана статусун далилдеген, тастыктаган билим берүү документи менен камсыз кылуусу, окучунун аяктап чыгышы. | | ырастоочу билими жөнүндө документ менен камсыз кылат. Беш жыл ичиндеги бүтүрүүчүлөрдүн саны, мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктары, билими жөнүндө берилген документтердин саны жөнүндө статистикалык маалыматтары бар. |
| ***Күчтүү жактар***: *Кесипке багыт берүү жумуштарын эффективдүү алып баргандыгы.* | | | |
| ***Алсыз жактар:*** *Окуу методикалык материалдардын жетишсиздиги.* | | | |
| ***Сунуштар:*** *Академиялык окуу мобилдүүлүгүнүн суроо талаптарын кароо менен иш алып баруу. Окуу методикалык материалдар менен толуктоо.* | | | |
| **4 Стандарт. ОКУТУУЧУЛАРДЫН ЖАНА ОКУУ – КӨМӨКЧҮ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КУРАМЫ** | | | |
| 4.1. | Ишке ашырылып жаткан билим берүү программаларына жана окуу процессинин талаптарына - педагогикалык, окуу - көмөкчү кызматкерлеринин квалификациясынын, билиминин деңгээли жана тажрыйбасынын дал келиши. | Ылайык келет | Окутуучу жана окутуучу-көмөкчү персоналдын сандык жана сапаттык курамы мамлекеттик билим берүү стандартына жана программанын талаптарына ылайык келет. Курамын жана квалификациясын талдоо үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турат. Квалификацияны жогорулатуу боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат. |
| 4.2. | Мугалимдердин билим берүү программасына, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, эмгек рыногунун муктаждыктарына жооп берген жана окутуу сапатын камсыздоого багытталган окуу куралдарын, окуу китептерин, окуу-усулдук көрсөтмөлөрүн иштеп жана басып чыгаруу боюнча иштери. | Жарым-жартылай ылайык келет | Окуу жайдын окутуучулары колдонмолорду, окуу-методикалык басылмаларды иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иштерди жүргүзүп жатышат. |
| 4.3. | Билим берүү уюму тарабынан иштелип чыккан жана ишке ашырылгпан билим берүү программаларына ылайык педагогикалык жана окуу - көмөкчү кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча реалдуу иш пландары болушу зарыл. | Ылайык келет | Окуу жайдын деңгээлинде кесиптик өнүктүрүү системасы иштелип чыккан жана иштеп жатат, пландары жана аларды ишке ашыруу, процессти пландаштырылат жана мониторинг жүргүзүлөт. |
| ***Күчтүү жактар:*** *Мугалимдер жана устаттар 396 сааттык кесиптик чеберчилигин жогорулатышкандыгы. Насаатчылык механизми жолго коюлгандыгы, кошумча кружоктордун уюштурулгандыгы.* | | | |
| ***Алсыз жактар:*** *Кыргыз тилинде чыккан окуу куралдары жана усулдук колдонмолордун аздыгы.* | | | |
| ***Сунуштар:*** *Кыргыз тилинде чыккан окуу куралдары жана усулдук колдонмолор менен толуктоо, окуу пособиелерин чыгаруу боюнча жумуштарды баштоо жана чыгаруу.* | | | |
| **5 Стандарт. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ ЖАНА МААЛЫМАТ РЕСУРСТАРЫ** | | | |
| 5.1 | Ар кандай топтордогу жана анын ичинде ден соолугу боюнча мүмкүнчүлүгү | Ылайык келет | МТБ жана маалымат ресурстары алардын ылайыктуулугуна талданат программанын талаптарына жана студенттердин, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | чектелген окуучулар үчүн жеткиликтүү болгон керектүү материалдык ресурстар менен (китепкана фонддору, компьютердик класстар, окуу жабдуулары жана башка ресурстар) камсыз кылуу. | | анын ичинде ДМЧАнын керектөөлөрүн жакшыртуу үчүн чаралар көрүлүп жатат, жылдан-жылга жакшыруу, осуу бар. Жергиликтуу онүктүрүү фонду менен ашкананын жабдылышы, Азия онүктүрүү фонду менен корпустардын ремонттолушу |
| 5.2. | Окуучуларды (студенттерди) окуу процессин толук ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу материалдары,анын ичинде электрондук окуу-усулдук материалдар менен камсыз кылуу. | Жарым-жартылай ылайык келет | Окуу процесси жаны жабдуулар, кесиптер боюнча окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-методикалык материалдар, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыздалган. Спорт залы жок , бирок жакынкы жайгашкан мектеп менен келишими бар. Лицейдин жанына шаардык мэрия спорт зал курулуп жаткандыктан, окуучулардын билим алуусу үчүн шарт түзүү максатында сүйлошүүлөр жүрүп жатат |
| 5.3 | Окуучулардын (студенттердин) окутуу натыйжаларына жетишүүсүнө колдоо көрсөтүү жана дем берүү максатында, окуучуларды (студенттерди) тийиштүү адамдык ресурстар менен (кураторлор ,класс жетекчилер,жатакананын мугалимдери,психологдор ж.б.) камсыз кылуу. | Ылайык келет | Лицейдин кадрдык курамы толук камсыздалган, ар бир тайпада куратор, өндүрүштук окутуунун устаттары жетиштүү, бирок улуу муундагы кадрлар эмгектенет. |
| ***Кучтуу жактары:*** *Материалдык – техникалык базанын жаныланышы, инвестиция тартуу боюнча активдуу иштердин алып барылышы.* | | | |
| ***Алсыз жактар:*** *Спорт залдын жоктугу.* | | | |
| ***Сунуштар:*** *Спорт зал куруу. Курулуп жаткан спорт залга мэрия менен келишим тузуу.*<br>*Жаш кадрларды жумушка тартуу.* | | | |

**Минималдуу талаптарды аткаруу боюнча жыйынтыкталган таблица**

| № | Минималдуу талап | Критерийлердин саны | Ылайык келет | Жарым-жартылай ылайык келет | Ылайык келбейт | Аткарылды/ Аткарылган жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү, мониторинг жүргүзүү жана мезгил-мезгили менен баалоо | 10 | 9 | 1 | - | Аткарылды |
| 2. | Инсанга багытталган окутууну жана окуучулардын (студенттердин)жетишүүсүн | 7 | 5 | 2 | - | Аткарылды |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | баалоо | | | | | |
| 3. | Окуучуларды (студенттерди) кабыл алуу, окутуу жыйынттыктарын таануу жана окуучулардын (студенттердин) бүтүрүп чыгуусу | 6 | 4 | 2 | - | Аткарылды |
| 4. | Окутуучулардын жана окуу – көмөкчү кызматкерлеринин курамы | 3 | 2 | 1 | - | Аткарылды |
| 5. | Материалдык-техникалык базасы жана маалымат ресурстары | 3 | 2 | 1 | - | Аткарылды |

**Эксперттик комиссиянын аккредитациялоо боюнча чечими:**

"Акмат Бердалиев атындагы №39 кесиптик лицейи" мекемесинде ишке ашырылуучу билим берүү программаларын 5 жылдык мөөнөткө аккредитациядан өткөрүүнү сунуштайт.

| Код | Программанын аталышы | Квалификациялык деңгээли |
|---|---|---|
| 7443<br>8264 | Тигүүчү<br>Тигүүчү жабдууларлын оператору (2 жыл) | 3 разряд |
| 5146 | Тикмечи (10 ай) | 3 разряд |

Комиссиянын төрайымы: Умарова Назигүль Өскөнбаевна ______________

Комиссияныны мүчөлөрү: Кенжекулов Келдибек Омуралиевич ______________

Ниязалиева Жамила Боронбаевна ______________

Референт Алманбетова Чинара Сагыналиевна ______________